«Макулдаштырылды»

№1 педкенештин чечими

2020ж

«Бекитемин»

Б. Маленов орто мектебинин

мудуру: Сманалиева Ж.С

**Байдылда маленов атындагы орто мектеби**
**Мектептин укук коргоо органдары менен коррупцияга каршы туруу сферасындагы кызматташы жөнүндөгү Жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Жобо "“Мерила шаарындагы кол коюлган ( Мексика) 2003-жылдын 10-декабрында Бириккен Улуттар Уюмунун коррупцияга каршы Конвенциясын ратификациялоо жөнүндөгү” Конвенциянын негизиндеги” КР Мыйзамы 6-август 2005- жылдагы №128 таянып иштетилип чыкты:

- КР Мыйзамы №153 8.08. 2012-ж “Коррупцияга каршы туруу жөнүндөгү”;
- КР Мыйзамы №164 2-август 2017-ж. “Мамлекеттик жана муниципиалдык кызматтарды ээлегендерге же ордун алмаштыргандарга , мүлктүк жактарга жана киреше, чыгаша, милдеттерди жарыялоо жөнүндө”
- КР Мыйзамы ”Чыр-чатак кызыктар жөнүндөгү” 12-декабрь 2017- жылдагы;
- КР Президентинин токтому №26 2.02.2012-ж. “Кыргыз Республикасынын саясатындагы улуттук стратегияны туруктуу өнүктүрүү жана коррупцияга каршы туруу иш-чаралары”
- КР Президентинин токтому №№11 21-январь 2013-ж.”КР 2013-2017-жылдар мезгилиндеги Улуттук туруктуу өнүгүү стратегиясы жөнүндөгү”

-КР Президентинин токтому №17 31- январь 2017- ж “ Мамлекеттик Реестрди бекитүү жана КР муниципалдык кызматтарын бекитүү жөнүндө” .

-КР Президентинин токтому №180 25-сентябрь 2020-ж. “КР 2021-2024-жылдарда коррупцияга каршы туруу жана аны жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө”

-КР Өкмөтүнүн токтому № 327 28-май 2012- ж. “КР Өкмөтүнүн 2012-2014-жылдарга карата коррупцияга каршы туруу планын бекитүү жөнүндө”

-КР Өкмөтүнүн токтому № 642 16- сентябрь 2015- ж.” КР өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана мамлекеттик органдарды коррупциялык маселелер боюнча эскертүү жөнүндөгү типтүү Жобону бекитүү жөнүндө”

-КР Өкмөтүнүн токтому №170 30-март 2015-ж.“ КР 2015-2017- жылдардагы Мамлекеттик стратегиядагы коррупцияга каршы саясатын КР мамлекеттик органдарында аткарууга иш- чаралардын планын бекитүү жөнүндө”

-КР Өкмөтүнүн токтому №362 7- август 2018- ж.”КР “ Чыр-чатак кызыктары жөнүндөгү” Мыйзамдарынын аткарылыш мерчемдери жөнүндө”

- КР Өкмөтүнүн №474 13-сентябрь 2019-ж. “КР Мамлекеттик органдарынын 2019-2021- жылдарга карата коррупцияга каршы туруу боюнча иш-чаралардын планын бекитүү”-КР Өкмөтүнүн тескемеси №44-т 12.02.2014-ж.

-КР Өкмөтүнүн тескемеси №167-т 20.05.2014-ж.

-КР Өкмөтүнүн тескемеси №531-т 28.11.2014-ж.

- КР Өкмөтүнүн №281-т 18.05.2016-ж.

-КР Мамлекеттик коррупцияга каршы стратегиялык саясаты ( КР Президентинин токтому №26 02.02.2012-ж.)
-КР 2021-2024-жылдарда коррупцияга каршы туруу жана анын себептерин жоюу мамлекеттик стратегиясы ( КР Президентинин токтому №180 25.09.2020-ж. Менен бекитилген)
1.2.Ушул Жобо Туйту Каракеев атындагы орто мектебинин ( мындан ары мектеп) укук коргоо органдары менен байланышып, уюмдун коррупцияга каршы туруу ишмердүүлүгүнүн жалпы эрежелерин Жобосун топтойт.
1.3.Мектептин кызматкерлерине мектептин укук коргоо органдары менен байланышынын тартибин аныктоо ушул Жобонун шартында.
1.4.Ушул Жобо мектеп директору бекиткен күндөн тартып жаңырткaнга чейин күчүнө кирет.

**2.Негизги функциялары:**

- мектепте кылмыштуулукту жана тартипсиздикти алдын алуу,коррупцияга каршы туруу жана эскертүү маселелери боюнча көзөмөлдөөчү орган менен байланышы негизги функция болуп саналат.

**3.Максаттары жана милдеттери**

3.1.Негизги Жобонун максаты жарандардын эркин, укугун коргоо,мыйзамдуулукту камсыздоо.
3.2.Негизги максаттары төмөнкүлөр болуп сканалат:
-көзөмөлдөөчү жана укук коргоо органдары менен байланышты уюштуруу аркылуу укук бузууну алдын алуу;
-мектептин ишин стабилдештирүүгө алып келүү,өз учурунда укук коргоо органдарынын таасири аркылуу кылмыштуулукту токтотуу;
-коррупциянын жаралыш себептерин аныктоо жана табуу, жок кылуу;
- коррупцияга чыдабас мамиле кылуу,коррупцияга тобокелдик болууда кызматкерлердин коррупцияга каршы туруу жөндөмдөрүн иштеп чыгуу менен укук коргоо органдары,коомчулук, прессалар менен байланыш түзүү;

**4.Укук коргоо органдарына кайрылуунун жолдору**

4.1.Укук коргоо органдарына кайрылуу- сунуш,арыз,арызданyy,оозеки же жазуу түрүндөгү кат.
4.1.1.Жазуу түрүндөгү кайрылуу- мектеп жана укук коргоо органдарынын ортосундагы ыкчам маалымат алмашуу жана документтин ар кандай мазмундагы кайрылуунун аталышы.
4.1.2.Оозеки кайрылуу- Мектептин жана укук коргоо органдарынын жетекчилеринин кабыл алуусуна келген кайрылуу.
4.2.Сунуш- кайрылуунун бир түрү, мектептин жана укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүндө көңүлүн буруу жана алдыга коюлган максаттарга жетүүнүн жана чечүү жолдорун сунуштоо.
4.3.Арыз- кайрылуунун бир түрү,мектептин кызыктарын жана укуктарын аткарууга багытталган.Мектептин ишмердүүлүгүндөгү кемчиликтери боюнча белги берүү.Коюлган максаттарды чечүү жолдору жана чечими аныктабайт.
4.4.Арыздануу- кайрылуунун бир түрү,мектептин кызыкчылыктары жана укуктары бузулган учурда болот.Мектепте адам укуктары бузулганда, мектептин дарегине сын айтылганда,жетекчи же конкреттүү жактарга доо айтуу.

**5.Иш-аракеттердин формасы**

5.1.Мектеп кызматкерлеринин коррупциялык укук бузуусу болгондо,укук коргоо органдарына билдирет.

5.2.Коррупциялык укук бузуу болгондо жана эмгек милдеттеринин маалыматтарын аткаруунун жүрүшүндө укук коргоо органдарына билдирүүдө мектеп кызматкерди санкциялоодон карманат.
5.3.Коррупциялык иш болгондо мектептин жетекчиси укук коргоо органдарына билдирүүгө милдеттүү.
5.4.Мектептин ишмердүүлүгүндө коррупцияга каршы туруу, эскертүү жана алдын алууда укук коргоо органдары инспекциялык текшерүү иштерин жүргүзөт.
5.5. Укук коргоо органдары коррупциялык кылмыштуулукту текшерүү иш-чараларында ыкчам издөө иштерин дагы жүргүзөт.
5.6. Мектептин жетекчиси жана кызматкерлери коррупциялык укук бузууда, факт болгондо укук коргоо органдарына маалыматтарды, документацияларды берет,текшерүүгө көмөк көрсөтө.
5.7.Укук коргоо органдары же сот органдарынын кызматтык милдеттерин аткарып жаткан өкүлдөрүнө мектептин жетекчиси ,кызматкерлер жолтоо болбойт.

**6. Жумуш берүүчүнүн милдеттери**

6.1.Коррупцияга каршы туруу боюнча иш-чаралардын планын иштетип чыгат.
6.2.Коррупциялык укук бузууну алдын алуу, коррупцияга каршы туруу иштери боюнча коомчулуктутартуу,көзөмөлдөөчү жана укук коргоо органдары менен ишти координациялайт.
6.3.Мектепке жарандардан келип түшкөнарыздар,кайрылуулар,арызданууларды карайт жана анализдейт.

**7. Кызматкерлердин милдеттери**

7.1.Кызматтык жана конфиденциалдык маалыматтардын эрежелерин,кызматтык инструктаждарды,мектептин ички эмгек тартибинин эрежелерин сактайт.
7.2.Мектептин кызматкерлери, милдеттерин аткарууда маалыматтар боюнча жарандардын кадыр-баркын,урматына тийбей иштин жүрүү эрежесин сактайт.
7.3.Мектептин жетекчисине, укук коргоо органдарына кылмыштуулуктун даярдалып жатышы же болушу боюнча маалымат берет.

**8.Жоопкерчилик**

8.1.Мектептин кызматкерлери төмөндөгүлөргө персоналдуу жооптуу:
- иштин жүрүшүндө документтерди алганда, кофиденциалдык маалыматтарды айтууга;
- кызматтык маалымат боюнча иштөө тартибинде, кызматтык инструктаж,ички эмгек тартибинин эрежелерин сактабаганга;
- мектептин жетекчисине жана укук коргоо органдарына белгилүү болгон коррупциялык мүнөздөгү фактыларды, коррупциялык кылмыштарды жашыргандыгы үчүн;

**9. Корутундулоочу Жобо**

9.1.Ушул Жобого долбоор даярдалуу жолу менен толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү кийрүүгө болот.
9.2.Ушул Жобого киргизилген толуктоолор,өзгөртүүлөр Коррупцияга каршы комиссиясынын чечимин Туйту Каракеев атындагы орто мектептин директору бекиткенден кийин же укук коргоо органдарынын сунуштоосу менен жүргүзүлөт.
9.3.Ушул Жобо Байдылда маленов орто мектебинин веб-сайтына жайгаштырылат.